**Документтердин тизмеси**
**Жеке адам-резиденттер банктык эсеп ачуу үчүн документтердин төмөнкү тизмесин берүүлөрү керек:**

1. Жеке адамдын эсеп ачуу жана “Бакай Банкта” жеке адамдарды банктык тейлөө шарттарына кошулуу жөнүндө Арыз-Анкетасы;
2. Жеке адамдын (эсепти тескөөчүнүн) өздүгүн тастыктоочу документтин (паспорттун) көчүрмөсү;
   - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылкы үлгүдөгү паспорту;
   - идентификациялык карта – Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылкы үлгүдөгү паспорту (ID-карта);
   - Кыргыз Республикасынын 16 жашка толо элек жаранынын туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүгү;
   - офицердин, прапорщиктин өздүгүн тастыктоочу күбөлүгү же мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматкеринин аскердик билети;
3. Жеке адамга эсеп үчүнчү жактардын атынан же ишеним каттын негизинде ачылган учурда:

3.1 Кардар жашы жете элек өспүрүм болсо жана ал Кардардын пайдасына анын ата-энеси, мыйзамдуу өкүлдөрү же үчүнчү жактар тарабынан банктык эсеп ачылган учурда, анын пайдасына эсеп ачылып жаткан Кардар тууралуу маалыматты камтыган, ата-энесинин, башка мыйзамдуу өкүлүнүн же үчүнчү жактын колу коюлган арыз, ошондой эле эсеп ачуучу адам жөнүндөгү маалыматтар, ата-энесинин, башка мыйзамдуу өкүлүнүн же үчүнчү жактын өздүгүн тастыктоочу документ, ошону менен бирге жашы жете элек кардардын өздүгүн тастыктоочу документи (16 жашка толо элек болсо – туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, 16 жашка толгон болсо – паспорт);

3.2 Кардарга банктык эсеп ачуу укугун берген, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн жана ишеним кат берилген өлкөнүн колдонуудагы мыйзамдарына ылайык тариздедген ишеним кат (КР аймагынан тышкары жерде берилген ишеним каттар легализацияланышы/апостилдештирилиши керек, эгерде КР мүчө болуп саналган эл аралык макулдашууларда андан башкасы каралбаган болсо);

3.3 Кардар-ишенимдүү адамдын анкетасы (банктык эсеп ишеним кат боюнча ачылган учурда).

* Эскертүү: жашы жете элек өспүрүмдүн атына салынган аманатты төмөнкүлөр тескешет:

- Өспүрүм он төрт жашка толгонго чейин – ата-энеси же мыйзамдуу өкүлдөрү;
- Өспүрүм он төрт жашка толгондон кийин – ал өзү.